КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**07-ноябрь 2025-жыл № 10** **Совет айылы**

**"Ардактуу атуул" наамын берүү жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 08.10.2025-жылдагы № 01-17/704 сандуу катындагы, Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Шыдыр айылынын тургуну Молдалиева Тажинсе Токтомуратовнага, Ак-Тыт айылынын тургуну, эмгек ардагери Саралаев Курбаналиге, Каба айылынын тургуну, ардактуу эс алууда жүргөн Саипов Акимбек Баридиновичке, эмгек ардагери, ардактуу мугалим Алымкулов Самсалиге жана Сары-Жайык айылынын тургуну ардактуу мугалим, четтили жана орус тили котормочусу, көптөгөн китептердин автору Бакирова Назиканга, Кеңеш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу боюнча, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде жана Билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана башка социалдык-маданий маселер, жаштар менен иштөө боюнча туруктуу комитетинин корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XIV-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Шыдыр айылынын тургуну Молдалиева Тажинсе Токтомуратовна, Ак-Тыт айылынын тургуну Саралаев Курбанали, ардактуу эс алууда жүргөн Саипов Акимбек Баридиновичке, Каба айылынын тургуну, эмгек ардагери, ардактуу мугалим Алымкулов Самсалиге жана Сары-Жайык айылынын тургуну Бакирова Назикандын коомдук ишмердүүлүгү жана жигердүү эмгеги үчүн Кеңеш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын берүү жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана соц.адис С.Калботоевке милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**